«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Илимий иштер боюнча проректор
ф.-м.и.к., доцент Арапбаев Р.Н.
«________________»
«31»_______01_______2023-ж.

«БЕКИТЕМИН»
ОшМУнун ректору
ф.-м.и.д., профессор Кожобеков К.Г.
«________________»
«___»_____________2023-ж.

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН АКАДЕМИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ БААЛӨӨ ЖАНА ШЫКТАНДЫРУУ БОЮНЧА КОШУМЧА СЫЙЛЫК АКЫ ТӨЛӨӨ ЖОБОСУ

***Жалпы жоболор***
**Түшүнүк кат**
**1-пункт.**
Окутуучу профессордук курамдын бир жылдык аткарган ишин академиялык шыктандырууда негизи жасалган жумушка карата баалоо тууралуу Кыргыз Республикасынын 30-апрель 2003-жыл №92 “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын VI “Билим берүүнү өнүктүрүүнүн каржылык жана экономикалык негиздери” бөлүмүнүн 44 беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-жыл No53 “Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишкердүүлүгүн жөндөө боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтомунун VIII “Жогорку окуу жайларынын каржылык жана чарбалык ишкердүүлүгү” бөлүмүнүн 8.5 пунктуна, Көзөмөлчүлүк кеңешинин 28-декабрь 2021-жыл №9 токтомуна таянып чыгарылган ОшМУнун ректорунун № 745-ФХД/22 04.03.2022 буйругунун негизинде 2021-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейинки ички рейтингдин топтогон баллдарына жараша кошумча акы төлөө 2022-жылдын 1-январынан баштап бир жыл бою төлөнүп жатат. Жогорудагы иш-чара ОшМУда алгачкы жолу өткөрүлүп баштаган. Жыл бою ал процесс анализге алынып алымча кошумча киргизүү зарылдыгы келип чыкты. Ошондуктан ички рейтинг тууралуу атайын жобо иштелип чыкты.

**Максаты жана мазмуну**
**2-пункт.**
Бул жобо Ош мамлекеттик университетинде **толук айлык акы алып иштеген профессордук-окутуучук курамдын** (негизги штаттагылар үчүн/ айкалыштыруучулар эсепке алынбайт) академиялык ишмердүүлүгүн баалоо жана аларга шыктандыруучу төлөмдөрдү төлөп берүү жол-жоболорун жана келген арыздардын/ документтердин мазмунун аныктоо максатында даярдалды.

**Укуктук негиздеме**
**3-пункт.**
Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин академиялык (илимий) ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу үчүн даярдалды.

**Аныктамалар жана кыскартуулар**
**4-пункт.**
Бул жободо төмөнкүдөй терминдер/түшүнүктөр колдонулат:
1. **Академиялык түзүм** – университеттин ичинде иш алып барган факультет, жогорку мектеп, колледж, институт жана илимий изилдөө борбору;

2. **Эл аралык индекстүү журнал** – WEB OF SCIENCE (SCIE, SCI, SCI-Exp., SSCI, AHCI, ESCI) жана SCOPUS маалымат базаларында индекстелген журналдар;

3. **Изилдөө** – окутуучу иштеген жана изилдөөсүн жүргүзгөн тийиштүү мекеме тарабынан бекитилген, изилдөө ишинин башталганы тастыкталган, иштин жыйынтык отчету ошол эле мекеме тарабынан кабыл алынган, кандайдыр бир башка долбоор алкагында жүргүзүлбөгөн, кеминде төрт айлык мөөнөттүн ичинде жасалган эски маалыматтарды иликтөөгө, бир маселени чечүүгө, бир теорияны андан ары өнүктүрүүгө, жаңы теория чыгарууга, жаңы маалымат, тажрыйба, технология же чыгармачыл эмгек жаратууга багытталган, изилдөө процесстери боюнча отчеттору берилген, бул нускаманын тиркемесинде орун алган башка иш-чараларга кирбеген ырааттуу иштер;

4. **Шилтеме** – башка авторлорлордун эмгектеринде окутуучунун илимий эмгегине жасалган шилтеме;

5. **Башка рецензияланган журналдар** – WEB OF SCIENCE (SCIE, SCI, SCI-Exp, SSCI, AHCI, ESCI), SCOPUS жана тармактык индекстүү журналардан сырткары ISSN жана e-ISSN-номерлүү, басылган же электрондук түрдө кеминде үч жылдын ичинде жарыкка чыккан, тому, бети, чыккан жылы ж.б. маалыматтары жарыяланган журналдар;

6. **ОшМУнун Жарчысы -** Ош мамлекеттик университетинин жарчысы/илимий журналы;

7. **Иш-чара –** ар бир окуу жылында өткөн жылдагы өлкө ичинде жана чет өлкөдө илим, технология жана көркөм өнөр багытында ишке ашырылган долбоорлор, жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр, жарыяланган эмгектер, иштелип чыккан дизайндар, уюштурулган көргөзмөлөр, алынган патенттер, келтирилген шилтемелер, илимий иш-чараларда жасалган докладдар, ээ болгон академиялык сыйлыктар, коомдук, башкаруу иш-чараларына кошулган салымдар жана башка илимий-ирактикалык, маданий иш-чаралар;

8. **Китеп** – мындан мурун эч жерде жарык көрбөгөн илимий жана окуу китеби, автордук же которулган чыгарма;

9. **Комиссия** – академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана апелляцияларды кароо комиссиясы (мындан ары – Комиссия);

10. **Патент** – улуттук же эл аралык мекемелер тарабынан берилген патенттер;

11. **Долбоор** – темасы, максаты, мазмуну, мөөнөтү, өзгөчө шарттары жана бюджети аныкталган; жаңы билим жаратуу, илимий негиздеме берүү, технологиялык/социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн илимий негиздерге таянып ишке ашырылган жана жыйынтык отчету тийиштүү мекемелер тарабынан кабыл алынган иштер;

12. **SCI** – Science Citation Index (цитата келтирүү индекси);

13. **SCIE** - Science Citation Index Expanded;

14. **SCI-Exp** – Science Citation Index-Expanded (кеңейтилген цитата келтирүү индекси);

15. **SSCI**– Social Science Citation Index (коомдук илимдер боюнча цитата келтирүү индекси);

16. **Scopus:** Scopus шилтемеси жана маалымат базасы;

17. **Окумуштуулар кеңеши** – Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши;

18. **Көргөзмө** – окутуучу тарабынан өз тармагына байланыштуу илимий-практикалык мүнөздөгү аудио-визуалдык формада мезгилдүү өткөрүлчү иш-чара, көргөзмө, концерт, фестиваль ж.б. (искусство багыты);

19. **Календардык жыл** – 01-январдан 31-декабрга чейинки мезгил.

20. **Дизайн** – кандайдыр бир курулуштун, продукциянын же нерсенин алгачкы чиймеси жана долбоору;

21. **Доклад** – улуттук жана эл аралык деңгээлдеги илимий жыйындарда реалдуу /онлайн режимде жасалган жана (докладдар жыйнагында, тезистер жыйнагында веб-сайттарда же CD, DVD ж.б. каражаттарда) жарыяланган доклад (регионалдык жана эл аралык илимий конференциялар);

22. **Коомдук иш-чараларга катышуу** – университеттен уруксат алуу менен коомго пайда алып келчү иштер;

23. **Улуттук канал** – өлкө боюнча телеберүүлөрдү жүргүзгөн телеканал;

24. **Улуттук долбоор** – бир өлкөнүн мекемелери жана уюмдар тарабынан колдоого алынган долбоор;

25. **Улуттук басмакана** – кеминде үч жыл улуттук масштабда ишмердүүлүк жүргүзгөн жана тийиштүү тармакта кеминде беш автордун китебин басып чыгарган басмакана;

26. **Эл аралык долбоор** – бир нече өлкөнүн мекемелери жана уюмдары тарабынан жүзөгө ашырылган долбоор;

27. **Эл аралык басмакана** – кеминде беш жыл эл аралык деңгээлде ишмердүүлүк жүргүзгөн, тийиштүү тармакта кеминде жыйырма китеп басып чыгарган басмакана (Наука, Москва, Дом науки сыяктуулар);

28. **Университет** – Ош мамлекеттик университети;

29. **Чет олкөдөгү иш-чара** – Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары чет өлкөдө аткарылган иш-чаралар (мисалы, башка мамлекетте өткөрүлгөн эл аралык конференциянын уюштуруучуларынан бири болуу);

30. **Өлкөнүн ичиндеги иш-чара** – Кыргыз Республикасынын аймагында аткарылган иш-чаралар (мисалы, Кыргызстандын ичинде эл аралык конференциянын уюштуруучуларынан бири болуу).

**Жалпы принциптер**
**5-пункт.**
1. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо же шыктандыруучу төлөм боюнча арызын берген окутуучулар аткарган иш-чаралары тууралуу маалыматтарды университеттин веб-баракчасындагы (“электрондук өздүк баракча” teacher.portal.oshsu.kg) системага киргизип, тийиштүү түзүмдөргө белгиленген мөөнөттө кийирүүсү керек.

2. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруучу төлөм (кошумча акы төлөө) боюнча толтурулган маалыматтарды комиссия тарабынан керектүү деп эсептелген жана бул жободо көрсөтүлбөгөн башка документтер да талап кылынышы мүмкүн.

**Иш-чараларга жараша талап коюлган шарттар жана документтер**
**Долбоор**
**6-пункт.**
Долбоорду колдогон мекеме/ уюм тарабынан долбоордун отчеттук жыл ичинде аяктаганын тастыктаган документ берилиши керек. Долбоордун жыйынтыктоочу отчетунун маалыматтары (долбоордун аталышы, долбоор аяктаган жыл, жетекчинин/ координатордун, изилдөөчүнүн жана кеңешчилердин аты-жөнү, иштеген жери, отчет тапшырылган жылы ж.б.) камтылган беттеринин көчүрмөсү тапшырылат.

**Илимий изилдөө иши**
**7-пункт.** Изилдөөчүнүн ОшМУ тарабынан дайындалгандыгын жана изилдөө иши жүргүзүлгөн мекеме тарабынан бекитилгендигин тастыктаган документ болушу керек.

**Китеп жазуу/ которуу**
**8-пункт.**
1. Жазылган китептин мукабасы, жарыяланышы тууралуу тастыктоочу маалыматтары (китептин мукабасы, ISBN номери, нускамасы жана басмага сунушталган Окумуштуулар кеңешинин чечими) PDF форматта көрсөткөн беттери болушу керек (Монографиялар үчүн ЖАКтын талабы боюнча кеминде 8 басма табак болуусу шарт).

2. Жазылган китептин бөлүгү боюнча анын жарыяланышы тууралуу тастыктоочу маалыматтары (китептин мукабасы, ISBN номери, нускамасы жана басмага сунушталган Окумуштуулар кеңешинин чечими) PDF форматта көрсөткөн беттери болушу керек.

3. Сөздүктүн мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтарды жана мазмунун көрсөткөн беттери жана тийиштүү теманын /бөлүмдүн биринчи бети болушу керек.

4. Энциклопедияда жарыяланган материал боюнча ал энциклопедиянын мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтарды жана мазмунун көрсөткөн беттери менен тийиштүү теманын/ бөлүмдүн биринчи бети болушу керек.

5. Интернетте жарыяланган энциклопедиялар үчүн тема/ бөлүм орун алган интернет сайтынын экранынын сүрөтү болушу керек.

**Макала**
**9-пункт.**
1. Жарыяланган макала боюнча автордун аты-жөнү, макаланын аталышы, жарыяланышы тууралуу маалыматтар камтылган журналдын беттери менен ал журналдын кайсы маалымат базасында орун алгандыгын көрсөткөн документ болушу керек (*макалалар медицина тармагы боюнча 5 автор, ал эми калган багыттар боюнча 3 гана автор эске алынат/ Журналдын бир жолку санында бир автордун 2 гана макаласы эске алынат, андан ашыкчасы эсептелбейт*).

2. ОшМУнун Жарчысы жана жаңыдан түзүлгөн 11 тармактын жарчыларда макаланын жарыялынышы (макалалардын 3 гана автору эске алынат/ Журналдын бир санында автордун 2 гана макаласы эске алынат, андан ашыкчасы эсептелбейт).

3. Макала жарыяланган журналдардын (SCIE, SCI, SCI-Exp, SSCI, ESCI, AHCI, SCOPUS жана тармактык индекстүү журналдарда жана ОшМУнун Жарчысында жарыяланган макалалардан сырткары) кеминде үч жылдын ичинде үзгүлтүксүз басылып келатканын

тастыктаган документ болушу керек (*макалалардын 3 гана автору эске алынат / Журналдын бир санында автордун 2 гана макаласы эске алынат, андан ашыкчасы эсептелбейт*).

4. Эл аралык/ регионалдык конференцияларда окулган илимий докладдын жыйнакка басылып чыгарылганы (Илимий докладдын толук тексти же тезиси орун алган докладдардын жыйнагынын мукабасын, илимий кеңештин тизмесин, мазмунун, докладдын биринчи бети жана доклад жасалган жылын көрсөткөн документ (сертификат) болушу шарт/ Бир журналдын бир санында автордун 2 гана макаласы эске алынат, андан ашыкчасы эсептелбейт).

**Китептин/ журналдын редактору, редколлегиянын мүчөсү, рецензенти жана жюринин мүчөсү болуу**
**10-пункт.**
1. Рецензияланган журналдарга жана илимий китептерге рецензент болгонун көрсөткөн документтин тапшырылган күнү эске алынат.

2. SCIE, SCI, SCI-Exp, SSCI, ESCI, AHCI жана SCOPUS, ошондой эле Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган макалага рецензент болгонун, журналдын Web of Science жана тийиштүү маалымат базасында орун алганын көрсөткөн документ болушу керек.

3. Башка рецензияланган журналдарда жарыяланган макалага рецензент болгонун жана журналдын акыркы үч жылдын ичинде үзгүлтүксүз басылып келатканын көрсөткөн документ болушу керек.

4. Илимий китептерге рецензент же редактор болгонун жана китептин кайсы басмаканада басылып чыкканын көрсөткөн документ болушу керек.

5. Көргөзмө, концерт, спорт жана кино тасмалар боюнча конкурстарда жюри мүчөсү болгон окутуучу бул иш-чаралардын арыз берген күнгө чейин аяктагандыгын тастыктаган документ бериши керек.

6. Жюри мүчөлүгү үчүн көргөзмө, концерт, спорт жана кино тасмалар боюнча конкурстардын аяктаган күнү эске алынат.

7. Окутуучу иш-чараларга жюри мүчөсү болуп катышкандыгын тастыктаган документ бериши керек.

**Коомдук ишмердүүлүк** (искусство жаатындаларга гана тиешелүү)
**11-пункт.**
1. Улуттук/ эл аралык деңгээлде өткөрүлгөн иш-чаранын аудиого жаздырылгандыгы же видеого тартылгандыгы тууралуу документтер болушу керек:
а) Музыка жана консерватория бөлүмдөрү үчүн иш-чара улуттук жана эл аралык деңгээлде өтүп, отчеттук жыл ичинде жарыялангандыгын тастыктаган документ. Музыка жана консерватория бөлүмдөрү үчүн CD, DVD ж.б.у.с. форматта даярдалган материалдардын буклетинин бар экенин көрсөткөн документ;
б) Композитор, аткаруучу, хореограф, режиссер, сценарист, драматург жана сахна жасалгалоочу үчүн иш-чара улуттук же эл аралык деңгээлде өтүп, отчеттук жылда жарыялангандыгын көрсөткөн документ.

2. Улуттук/ эл аралык масштабда өткөрүлгөн маданий иш-чаранын жеке же чыгармачыл топ менен биргеликте аудиого жаздырылгандыгы же видеого тартылгандыгы тууралуу документ керек:
а) Иш-чара эл аралык же улуттук деңгээлде өтүп, отчеттук жыл ичинде жарыялангандыгын тастыктаган документ;
б) Иш-чаранын жеке же чыгармачыл топ менен биргеликте аудиого жаздырылгандыгын же видеого тартылгандыгын тастыктаган документ;
в) Электрондук форматта жаздырып алынган материалдардын бар экенин тастыктаган документ же аларга тийиштүү маалыматтар жарыяланган интернет сайтынын экранынын сүрөтү.
3. Коомдук жана салтанаттуу иш-чараларга (аудио, видео каттоо жана музыкалык аспаптык коштоо) катышкандыгын тастыктаган документ.

4. Университетте маданий жана көркөм өнөр иш-чарасы ректорат деңгээлинде уюштурулгандыгын тастыктаган жана тиешелүү түзүмдүн жетекчилиги тарабынан бекитилген документ.

**Дизайн**
**12-пункт.**
1. Дизайн отчеттук жылдын ичинде ишке ашырылышы же каттоодон өтүшү шарт.

2. Мамлекеттик мекемелер же юридикалык жак тарабынан ишке ашырылган көркөм өнөр дизайндары үчүн дизайндын түп нускасы жана ишке ашырылган жылы көрсөтүлгөн документ болушу керек.

3. Илимий басылма катары катталган көркөм өнөр дизайндары үчүн алардын жарыялангандыгын тастыктаган документ болушу керек.

4. Башка көркөм өнөр дизайндары үчүн (эгер бар болсо) компетенттүү уюм/ мекемелер тарабынан катталгандыгын же ишке ашырылгандыгын көрсөткөн документ болушу керек.

5. Пайдалуу объект же модель иштери үчүн Кыргызстандарт/ Кыргызпатент тарабынан ж.б.у.с. эл аралык компетенттүү мекемелер тарабынан даярдалган каттоо документи болушу зарыл.

**Көргөзмө, концерт уюштуруу**
**13-пункт.**
1. Көргөзмө отчеттук жылдын ичинде өткөрүлгөн болушу шарт.

2. Концерт музыкалык аспаптардын коштоосунда аткарылган чыгармаларды угууга арналган иш-чара болушу керек.

3. Көргөзмөнүн жеке же чыгармачыл топ уюштурган иш-чара (улуттук жана эл аралык иш-чарага чакыруу аркылуу же конкурстук негизде катышуу) экендигин, кайсыл жерде жана качан өткөрүлгөндүгүн далилдеген документ болушу керек.

4. Көргөзмөнүн улуттук же эл аралык деңгээлде өткөндүгүн тастыктаган тийиштүү түзүмдүн башкаруу кеңешинин чечими болуусу зарыл.

5. Концерттин афишасына жана программасына байланыштуу документ болушу зарыл.

6. Видео жана аудио программаны тастыктаган документ болушу керек.

**Патент** *(илимий ачылыштар жана жаңылыгы үчүн)*
**14-пункт.**
1. Патент отчеттук жылдын ичинде каттоодон өтүшү керек.

2. Бир нече өлкөдө катталган бир эле патент боюнча бир гана жолу арыз жазылат.

3. Кыргызпатент же эл аралык деңгээлде тастыкталган уюмдар тарабынан берилген патенттин каттоо документинин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү болушу керек. (Патенттер бир гана илимий ачылыштар же жаңылыктарга тиешелүү болушу шарт. Макала же китептерге автордук укук күбөлүктөрү/патент эсепке алынбайт)

**Шилтеме**
**15- пункт.**
1. Окутуучулардын илимий иштерине **диссертацияларда** *(монография жана илимий макалалардан сырткары)* жасалган шилтемелер эске алынбайт.

2. Окутуучунун өзү автор болбогон илимий ишинде анын бир эле эмгегине бир канча жолу шилтеме жасалган болсо, алардын бири гана эске алынат.

3. Китепте жасалган шилтемелер үчүн ал китептин мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтар, колдонулган адабияттар жана шилтеме жасалган беттеринин көчүрмөлөрү болушу керек.

4. Шилтеме жасалган макала (макаланын биринчи бети, шилтеме жасалган бети жана колдонулган адабияттар) жана бул макала жарыяланган журналдын кайсы маалымат базасында орун алганын көрсөткөн документ же SCIE, SCI-Exp, SSCI, ESCI, AHCI жана SCOPUS шилтемелери үчүн Web of Science жана тийиштүү маалымат базасында орун алгандыгын көрсөткөн документ болушу керек.

5. Шилтемелер боюнча академиялык ишмердүүлүктү баалоодо жана шыктандыруучу төлөмдү аныктоодо авторлордун ар бирине толук балл берилет.

**Күчүнө кириши**
**16-пункт.**
1. Бул жобо ОшМУнун ректору тарабынан бекитилген күндөн тарта күчүнө кирет.

**Иш жүзүнө ашырылышы**
**17-пункт.**
Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин ректораты тарабынан жүзөгө ашырылат. Бул жобого 1-2-тиркеме кошулат. Бул жобонун тиркемелерине (1 жана 2) өзгөртүүлөр, алымча жана кошумчалар жагдайдын жаралышына жараша киргизилиши мүмкүн.

*Эскертүү:* Тиркеме №1 жана №2-тиркелет

**№1-тиркеме**

**Ош мамлекеттик университетинин префоссордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрүн академиялык шыктандырууну жобого ылайык кароо принциптери**

Академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана арыздарды кароо комиссиясы;

**18-пункт.**
1. Бул жобону ишке ашыруу үчүн Комиссия Ош мамлекеттик университетинин ректору тарабынан Илимий-изилдөө бөлүмүнүн сунушунун негизинде университетте иштеген профессор-окутуучулардан тандалган 4 адам же андан көп жана Илимий-изилдөө бөлүмү менен Рейтинг бөлүмүнүн кызматкерлеринен мүчө болуп түзүлөт (жалпы 7/ же 9/ же11 адамдан). Комиссиянын төрагалык милдетин Илимий иштер боюнча проректор аткарат.

2. Комиссиянын мүчөлөрү 2 жылга шайланат (4 адам же андан көп). Кызмат мөөнөтү аяктаган комиссиянын мүчөсү кайрадан шайланышы мүмкүн. Кандайдыр бир себептерден улам орду бошогон мүчөлүккө биринчи беренеде аныкталган тартипте жаңы мүчө шайланат. Аны менен бирге комиссиянын Илимий-изилдөө бөлүмүнүн кызматкери катчылык кылат.

3. Комиссия төраганын жана көпчүлүк мүчөлөрдүн катышуусу менен чогулат жана жыйынга катышкандардын көпчүлүк добушу аркылуу чечим кабыл алат. Добуштар бирдей болуп калган учурда комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү ролду ойнойт. Мүчөлөр калыс калбастан, добуш берүүгө милдеттүү.

4. Комиссия академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча арыздарды кабыл алуу календарын түзүп, бул жаатта иш-чараны уюштурууга жана ишке ашырууга жооптуу.

5. Комиссия иш-чараларды документтер менен тастыктоодо жана иш-чаралардын түрлөрүн классификациялоодо пайда болгон ар түрдүү келишпестиктерди жоюу, академиялык ишмердүүлүктү шыктандыруу боюнча иштерди уюштуруу, текшерүү жана түшкөн апелляцияларды карап чыгуу укуктарына ээ.

6. Бул жободо каралбаган жагдайларда "Академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана кароо комиссиясы" тийиштүү чечим кабыл алуу укугуна ээ.

**Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча арыздарды кабыл алуу**

**19-пункт.**
1. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча чечимдерди кабыл алуу календары эң кеч календардык жыл аяктагандан кийин январь айынан баштап комиссия тарабынан даярдалат жана Камкорчулар кеңешине сунушталат.

2. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча баалоо иши жүргүзүлө турган жыл жарыяланган күндөрү тийиштүү кафедранын/ бөлүмдүн/ программанын, илимий/ көркөм өнөр тармагынын жетекчилигине кабарланат жана анын мүчөлөрү Электрондук өздүк баракчанын рейтинг бөлүмүнө толтурушат. Электрондук өздүк баракчаны PDF форматына өткөрүп Арыз менен кошо академиялык структуранын илимий иштери боюнча декандын орун басарына тапшырат. Илимий иштер боюнча декандын орун

басары бардык арызды топтоп “Академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана кароо комиссиясы” тарабынан карoого Илимий-изилдөө бөлүмүнүн кызматкерлерине тапшырат.

3. Окутуучулук-профессордук курамдын мүчөсү берген арызынын негизинде “Академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана кароо комиссиясы” тарабынан каралат жана бааланат. ***Арыз бербеген окутуучунуку каралбайт.*** (Жеке өздүк баракча толук толтурулган болуш керек/ жеке өздүк баракчасын толук толтурулбаган арыз берүүчүнүкү да четке кагылат).

4. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча баалоо, кароо комиссиясы окутуучунун аткарган иш-чараларынын өз тармагына тиешелүү же тиешелүү эместигин аныктайт. ***Өз тармагына тиешелүү болбогон иш-чаралар каралбайт.***

7. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча баалоону кароо комиссиясы тарабынан каралгандар тийиштүү чечимдин негизинде белгиленген мөөнөт ичинде университеттин ректоруна жиберилет.

8. Ректор “Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча арыздарды кароо комиссиясынын” чечимдерин карап чыккан соң, өзүнүн акыркы чечимин чыгарат жана бекитилгенден кийин жарыяланат.

9. Академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана кароо комиссиясынын чечимдерине макул болбогон талапкер жарыяланган күндөн тарта беш иш күнү ичинде Комиссияга апелляция бере алат.

10. Комиссия бул апелляциялар боюнча чечимин апелляцияларды карап чыгуу мөөнөтү бүткөн күндөн тарта 10 иш күн ичинде чыгарат.

11. Аппеляцияларды карап чыгуу жана баалоо иши февраль айынын ичинде аяктайт.

**Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча арыздарды карап чыгуунун жол-жобосу**

**20-пункт.**

1. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо учурунда долбоор аяктаган күнү, макала жарыяланган күнү, дизайн бүткөрүлгөн күнү, патент катталган күнү жана көргөзмө уюштурулган күнү эске алынат. Баалоо иши жүргүзүлүп жаткан жылы аткарылып, бирок ар кандай себептерден улам жыйынтыкталбай калган иш каралбайт. Бирок жыйынтыкталган жылы каралышы мүмкүн.

2. Ар түрдүү журналдарда редакциялоонун саны, ал эми рецензиялоо ишинде рецензиялоонун саны эске алынат.

3. Китептин же сөздүктүн ISBN, журналдардын ISSN жана e-ISNN номери болушу керек. Китепти, китептин бөлүмүн жазууда, сөздүктү түзүүдө жана редакциялоодо арыз тапшырылган күнү эске алынат. ***Коргөзмөлордүн алкагында даярдалган маалыматтык китепчелер жана сынактар үчүн даярдалган суроо китепчелери баалоодо каралбайт.*** Сөздүк кайсы бир басмакана тарабынан жарыкка чыккан жана китепке коюлган талаптарга жооп бериши керек. ***Мазмунуна олуттуу өзгөртүүлөр киргизилбеген китептин же китептин кайра басылган нускалары (аталышы же ISBN номери өзгөрсө дагы) кайра балл берүү учурунда каралбайт.***

4. Макалаларды баалоо учурунда макала жарыяланган күнү, анын мукабасы жана бети (саны), же WOS номеринин болушу талап кылынат.

5. Доклад жасалган илимий жыйын (конференция, симпозиум) кайсы өлкөдө өткөрүлсө да, эл аралык деп таанылышы үчүн ал жыйындын илимий комитетинде кеминде ***беш чет өлкөлүк окумуштуунун*** же ***беш чет өлкөлүк катышуучунун*** болуусу шарт.

6. Көргөзмө ишмердигин баалоо учурунда көркөм өнөр жаатына салым кошкон эмгектер эске алынат. ***Жыл ичинде кайра уюштурулган көргөзмөлөргө жана ушул сыяктуу кайталанган (көргөзмөлөр, экспедициялар) иш-чараларга кайрадан балл берилбейт. Көргөзмө ишмердигин баалоо учурунда окуу-тарбия иштеринин алкагында жана студенттик клуб тарабынан уюштурулган көргөзмөлөр эске алынбайт***.

7. Долбоор ишмердигин баалоо учурунда илим, технология жана көркөм өнөр жаатына салым кошкон же коомдук иш-чараларга катышуу максатында улуттук жана эл аралык деңгээлде ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтык отчету бекитилген долбоорлор каралат. ***Академиялык шыктандыруучу төлөмдү аныктоодо мөөнөтү кеминде тогуз ай болгон долбоорлор эске алынат. Долбоорду жүзөгө ашыруу үчүн берилген кошумча убакыт эске алынбайт.***

Долбоордун курамын баалоо төмөнкү таблицага ылайык жүргүзүлөт:

| **Долбоор** | **Аткаруучулар** | **Балл** | **Бөлүштүрүү** |
|---|---|---|---|
| Эл аралык долбоор | 5 | 10 | 2 баллдан (ОшМУнун кызматкерлеринин арасынан катышуучулардын саны каралат/ сырттагыларды кошкондо саны көп болушу мүмкүн алар эсепке кирбейт. 15 адамдан ОшМУнун 3 кызматкери катышкан болсо 3 деп эсептелет) |
| Регионалдык долбоор (анын актуалдуулугу/ зарылдыгы/ колдонууга киргизилүүсү комиссия тарабынан каралат) | 5 | 5 | 1 баллдан (ОшМУнун кызматкерлеринин арасынан катышуучулардын саны каралат/ сырттагыларды кошкондо саны көп болушу мүмкүн алар эсепке кирбейт. 15 адамдан ОшМУнун 3 кызматкери катышкан болсо 3 деп эсептелет) |

8. Тармагы боюнча жарыяланган китептин/журналдын редакциялык-басма кеңешинин мүчөлүгү үчүн балл берилген учурда киши саны эске алынбайт.

9. Дизайндык иштерди баалоо учурунда илим, технология жана көркөм өнөр жаатына салым кошкон, арыз ээсинин өз тармагына байланыштуу болгон жана мамлекеттик же өзгөчө укуктук статуска ээ юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылган жана коммерциялык дизайндар эске алынат. (Мунун баарын тастыктаган документтин көчүрмөсү болушу керек/ тастыктоочу документ болбосо четке кагылат).

10. Илимий изилдөө иштерин баалоо учурунда изилдөө иши кеминде төрт ай ичинде жүзөгө ашырылган, отчеттук жыл ичинде аяктаган жана жыйынтык отчету бекитилген, изилдөө ишин аткарган кишинин ОшМУдан башка университетте же илимий-изилдөө мекемесинде дайындалышы жана анын изилдөө иши кайсы бир долбоордун алкагында жүзөгө ашырылбашы керек. ***Студенттердин бүтүрүү квалификациялык (дипломдук) иштери, студенттердин форумунда студенттер тарабынан сунулган докладка илимий жетекчилик кылуу академиялык шыктандырууда каралбайт. Ошондой эле кесиптикке байланыштуу викториналык китептер да каралбайт.***

11. Окутуучунун арызында көрсөтүлгөн иш-чаранын түрү, кошумча иш-чаралар ж.б. жагдайлар көрсөтүлгөн даректе каралат. Түзүмдөрдүн академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча арыздарды кароо комиссиясы тарабынан жүргүзүлгөн баалоо ишинде көрсөтүлгөн даректен башка жерде кайрадан баалоо иши жүргүзүлбөйт.

12. Академиялык ишмердүүлүк жаатындагы иш-чаралар ОшМУга тиешелүү жана ***ОшМУга тиешеси жок болуп*** эки категорияда каралат. Академиялык ишмердүүлүктү шыктандыруу жаатында карала турган иш-чараларда **ОшМУнун аты көрсотүлүшү керек**.

**№2-тиркеме**

**Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруучу төлөмдү аныктоо**

**21-пункт.**

1. Ар бир окуу-тарбия иш-чарасы боюнча алынган баллдар топтолуп, академиялык шыктандыруучу төлөм боюнча жалпы балл аныкталат. Баллга карата акчалай сыйлык ыйгарылат. Балл ОшМУнун электрондук өздүк баракчасы тарабынан берилген баллды комиссия туура же туура эместигин тастыктайт.

2. Бир нече авторлор тарабынан жарыяланган макала, китепти/китептин бөлүмүн жазуу, доклад жасоо, аралаш коомдук иш-чаралар, китепти которуу/ редакциялоо, дизайн жасоо, көргөзмө, концерт, аралаш көргөзмөлөр, патент алуу жана долбоор иштеп чыгуу үчүн катышкандыгы аныкталган учурда кишинин санына жараша төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн коэффициент (k) эске алынат (***Web of science жана Scopus индекстелген журналдарда макалалар медицина тармагы боюнча 5 автор, ал эми калган багыттар боюнча 3 автор гана эске алынат***)/ (***ОшМУнун жарчысында макалалардын авторлору 3 адам гана эске алынат***)/ (***Жогоруда белгиленгенден сырткары журналдарда жарыяланган макалалардын авторлору 3 адам гана эске алынат***)/ (***Журналдын бир санында автордун 2 гана макаласы эске алынат, андан ашыкчасы эсептелбейт***).

| Коэффициенттер көрсөткүчү | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Web of science жана Scopus** | **Авторлордун саны** | **балл** | **баллдын бөлүнүүсү** | **жалпы** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Медицина | 5 чейин | 10 | 2 | 5/2= 10 |
| Башка тармак | 3 чейин | 10 | 3.03 | 3/3.03=10 |
| **ОшМУнун Жарчысы** | **Авторлордун саны** | **балл** | **баллдын бөлүнүүсү** | **жалпы** |
| макала | 3 чейин | 3 | 1 | 3/1=3 |
| **Башка илимий журналдар** | **Авторлордун саны** | **балл** | **баллдын бөлүнүүсү** | **жалпы** |
| макала | 3 чейин | 1.5 | 0.5 | 3/0.5=1.5 |
| **Илимий конференцияла рда** | **Авторлордун саны** | **балл** | **баллдын бөлүнүүсү** | **жалпы** |
| Эл аралыкта доклад | 2 чейин | 1 | 0.5 | 2/0.5= 1 |
| Регионалдык | 2 чейин | 0.8 | 0.4 | 2/0.4= 0.8 |
| **Китептер** | **Автөрлордун саны** | **балл** | **баллдын бөлүнүүсү** | **жалпы** |
| Монография 8,5 басма табактан кем эмес | 5 чейин | 10 | 2 | 5/2=10 - 4/2.5=10 - 3/3.03 = 10 - 2/5=10 |
| Окуу куралы | 2 чейин | 3 | 1.5 | 2/1.5 = 3 |
| Котормо | 2 чейин | 2 | 1 | 2/1=2 |
| Шилтеме | Авторлордун саны эске алынбайт | балл каралып жаткан календардык жыл гана эске алынат | 0.5 | 5 шилтеме болсо 5/0.5=2.5 |
| **Патенттер** | **Авторлордун саны** | **балл** | **баллдын бөлүнүүсү** | **жалпы** |
| Илимий ачылыштар жана ойлоп табуулар | 5 чейин | 5 | 1 | 5/1 =5 |
| Обон/ Дизайн/ Сүрөт | 3 чейин | 3 | 1 | 3/1 = 3 |
| **Көргөзмө/ концерт уюштуру** | **Катышуучу-лардын саны** | **балл** | **баллдын болүнүүсү** | **жалпы** |
| Эл аралык | 5 чейин | 5 | 1 | 5/1 =5 |
| Улуттук | 5 чейин | 3 | 0.6 | 5/0.6= 3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Илимий журналга жарыяланган макалага/ китепке рецензент же редактор болуу | Рецензент жана башкалардын саны эске алынбайт | балл каралып жаткан календардык жыл гана эске алынат | 0.6 | 5 жумуш болсо 5/0.5=3 |

*Эскертүү:* Жогоруда коюлган макалалардын авторлорунун саны жана жаңы сунушталган баллдык система 2023-жылдан 1-январынан баштап ишке ашырылат.

Ал эми Web of science (SCIE, SCI, SCI-exp., SSCI, AHCI) жана SCOPUS журналдарында басылып чыгарылган илимий макалалар боюнча академиялык ишмердүүлүк жана шыктандыруучу баллды аныктоо учурунда макала жарыяланган жылдагы журналдын WOS импакт-фактору же SCOPUS тарабынан эң акыркы басмадан чыккандардын ***квартили (Quartile) эске алынып, ОшМУнун ректору тарабынан комиссиянын жыйынтыгы менен бир жолку өзгөчө акчалай сыйлык ыйгарылат***. Электрондук өздүк баракчага толтурулгандан кийин, ал үчүн башка жалпы принцип менен балл берилет.

3. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо баллы менен шыктандыруучу балл жана төлөм бул жободо көрсөтүлгөн: ОшМУнун академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана баллдардын таблицасы" боюнча эске алынып, бул жободогу пункттарынын негизинде аныкталат.

4. Бул жободо орун алган ОшМУнун академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана баллдардын таблицасына", "ОшМУнун академиялык шыктандыруу жана баллдардын таблицасына", "ОшМУнун академиялык шыктандыруу баллдары жана төлөмдөрдүн көлөмү" зарыл болгон учурда жыл сайын Комиссиянын сунушу боюнча иш-чаралардын түрлөрү, кошумча иш-чаралар жана аларга карата берилген баллдар, баллдарга байланыштуу чектөөлөр, академиялык ишмердүүлүктү баалоонун төмөнкү баллы, шыктандыруунун төмөнкү жана жогорку баллдары жана төлөмдү аныктоонун ыкмасы ж.б. кайрадан аныкталышы мүмкүн.

5. Окутуучу шыктандыруучу төлөмдү алуу укугуна ээ болуу үчүн белгиленген академиялык шыктандыруунун эң төмөнкү баллына (0дөн жогору) ээ болуусу керек.

6. Академиялык шыктандыруу баллын эсептөө учурунда иш-чаралардын түрлөрү жана аларга байланыштуу чектөөлөр эске алынат.

**21-пункт.**

1. Бул жободо көрсөтүлбөгөн иш-чаралар каралбайт.

2. Академиялык шыктандыруу төлөмү: а) Ар бир календардык жыл үчүн мурунку календардык жыл (мисалы, 2022-жыл боюнча 2023-жылы) эске алынып, аныкталган академиялык шыктандыруу баллына жараша университетте иштеген жылдарында ай сайын төлөнөт. Шыктандыруу төлөмү эң көп 12 ай (бир жыл) төлөнөт. Академиялык шыктандыруу 100 баллга чейин каралат, ашканы эсепке алынбайт. 100 балл 10000 (он миң) сом. б) Тийиштүү ченемдик укуктук актынын негизинде берилүүчү үстөк акы, компенсация, айланма капиталдан түшкөн кошумча төлөм, сыйлыкка берилүүчү акча, айлык акы ж.б. төлөмдөрдү эсептөө учурунда эске алынбайт.

3. Шыктандыруучу төлөмдү алган талапкердин документтеринде чындыкка туура келбеген маалыматтар аныкталган учурда ал төлөмдөр пайызы менен кайтарылып алынат жана ага карата тийиштүү чаралар көрүлөт.

*Эскертүү:* Макалага бир жолу ала турган сыйлыгынын 12 айга бөлүп анан ошого жараша балл берилүүсү туура болот. Мисалы скопус же веб оф сайнста индекстелген журналга жарыяланган макала үчүн 10 балл 1000 сом + 12 ай = 12000 сом. Макалада 1 автор болсо анда 10 балл 1000/ миң сомдон айына бир жылга 12/ он эки миң сом болот. Окутуучу 1 балл алса ага 100/ жүз сом болуш керек. Макалада 1-автор же 5-автор деген түшүнүк киргизилбейт. Эгер үч автор болсо анда 3 деген белгиленет жана баллдар ошого карата автоматташтырылган системада автоматтык түрдө бөлүштүрүлөт).

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Коэффициент 1 балл 100 (жүз) сомдон ай сайын жалпы 12 айга = 1200 (миң эки жүз) сом түзөт. 10 баллга 1000 (миң) сомдон ай сайын жалпы 12 айга = 12000 (он эки миң) сом. Баллды топтоонун жогорку чеги белгиленбейт. | | | | |
| Окутуучу | 1 балл 100 (жүз) сом ай сайын | 12 айга = 1200 сом | 40 балл 4000 (төрт миң) сом ай сайын | 12 айга = 48000 сом |

**Илимий-изилдөө бөлүмүнүн башчысы, доцент:** **Курбанбаева Н.Н.**

**Пландоо финансы бөлүмүнүн начальниги:** **Пусур Тегин З.**

**Укук иштери бөлүмүнүн башчысы:** **Суеркулов У.С.**